**М. Рыскулбеков атындагы Кыргыз экономикалык**
**илимий - изилдөө университети**

**Кыргызстан Эл аралык Университети**

Диссертациялык кеңеш Д 08.24.697

Кол жазма укугунда
**УДК 338.1:634.1 (575.2) (043.3)**

**Кенжебаев Мирлан Курманалиевич**

**Кыргыз Республикасындагы мөмө-жемиш тармагын өнүктүрүү багыттары**

08.00.05 – тармактык экономика

экономика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын
изденип алуу үчүн жазылган диссертациянын

**АВТОРЕФЕРАТЫ**

**Бишкек – 2024**

Диссертациялык иш М. Рыскулбеков атындагы Кыргыз экономикалык илимий-изилдөө университетинин менежмент жана бизнес кафедрасында аткарылган.

**Илимий жетекчи:** **Камчыбеков Төлөбек Кадыралиевич,**
экономика илимдеринин доктору, М. Рыскулбеков атындагы Кыргыз экономикалык илимий-изилдөө университетинин профессору

**Расмий оппоненты:** **Умарова Мария,**
экономика илимдеринин доктору, профессор, К. И. Скрябин атындагы Кыргыз улуттук университетинин колдонмо информатика жана маалыматтык технологиялар кафедрасынын башчысы, Бишкек шаары

**Алимбеков Кенешбек Алайчиевич,**
экономика илимдеринин кандидаты, доцент, К. Карасаев атындагы Бишкек гуманитардык университетинин менеджмент кафедрасынын доценти, Бишкек шаары

**Жетектөөчү уюм:** Ж. Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин экономика кафедрасы, дареги: Бишкек шаары, Жибек-Жолу проспекти, 394

Диссертациялык ишти коргоо 2024 жылдын 31- октябрында саат 11.00 дө М. Рыскулбеков атындагы Кыргыз экономикалык илимий - изилдөө университетине жана Кыргызстан Эл аралык университетинине караштуу Д 08.24.697 диссертациялык кеңешинин отурумунда өтөт. Дареги: 720033, Кыргыз Республикасы, Бишкек шаары, Тоголок Молдо көчөсү 58.

Диссертациянын видеоконференциясына кирүү үчүн шилтеме: https://vc.vak.kg/b/082-s27-wxr-tw8

Диссертациялык иш менен М. Рыскулбеков атындагы Кыргыз экономикалык илим-изилдөө университетинин (720033, Бишкек ш., Тоголок Молдо көчөсү 58) жана Кыргызстан Эл аралык университетинин (720001, Бишкек ш., Чуй просп., 255) китепканаларынан жана ошондой эле Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Улуттук аттестациялык комиссиянын сайтынан таанышууга болот https://stepen.vak.kg/diss_sovety/d-08-24-697/

Автореферат 2024 жылдын 30 – сентябрында таркатылды.

Диссертациялык кеңештин окумуштуу катчысы, экономика илимдеринин кандидаты, доцент — Байтерекова Г.С.

# ИШТИН ЖАЛПЫ МҮНӨЗДӨМӨСҮ

**Изилдөө темасынын актуалдуулугу.** Агрардык сектордун мөмө-жемиш тармагы өлкөнүн айыл чарбасынын эң маанилүү тармагы болуп саналат, ал калктын мөмө-жемиштерге болгон керектөөсүн жеткиликтүү баада канааттандырууга багытталган. Бул жерде башка тармактарга салыштырганда продукцияны чыгаруу гана эмес, аларды мүмкүн болушунча толук сактоо, биологиялык активдүү заттар-витаминдер, микроэлементтер,органикалык кислоталар, кант менен адам үчүн жогорку сапаттагы тамак-аш продуктыларына кайра иштетүү боюнча да татаал милдеттер турат.

Агрардык секторду реформалоо мөмө-жемиш тармагынын иштешинин экономикалык шарттарына олуттуу өзгөртүүлөрдү киргизди, бул продукцияны өндүрүүчүлөр менен керектөөчүлөрдүн ортосундагы принципиалдуу жаңы мамилелерге, калктын жемиштерди керектөө деңгээлинин төмөндөшүнө алып келген тармактардын бири мөмө-жемиштер.

Мөмө-жемиш тармагында саясий, уюштуруучулук жана экономикалык кайра куруулардын жылдарында ишканалардын олуттуу бөлүгүнүн рентабелсиздигин жана банкрот болушун, өлкөнүн көбүнчө сапаты төмөн мөмө-жемиш азыктарынын импортуна көз карандылыгын шарттаган терс процесстер орун алды.

Мөмө-жемиш тармагын турукташтыруу жана өнүктүрүү боюнча мамлекеттик жана жергиликтүү бийлик органдары тарабынан көрүлүп жаткан чаралар системалуу мүнөзгө ээ эмес жана жетиштүү эффективдүү натыйжаларды бербейт. Өндүрүштүн өсүү темптери өтө төмөн жана туруктуу эмес.

Калкты жогорку сапаттагы мөмө-жемиштер менен камсыз кылуунун мындан ары начарлашынын реалдуу коркунучу негизги фонддордун эскириши, эмгек өндүрүмдүүлүгүнүн прогрессивдүү төмөндөшү, индустриализациялоо, өндүрүштүн кеңири товардуулугунун бузулушу, өндүрүштүн төмөнкү деңгээли менен байланышкан. Илимде жана техникада дүйнөлүк тажрыйбаны колдонуунун жана албетте агрессивдүү импорттун колдонуу болуп саналат.

Заманбап агрардык реформанын уникалдуулугу жана татаалдыгы азыркы учурда мөмө-жемиш тармагын туруктуу өнүктүрүү жана башкаруунун натыйжалуу механизмин калыптандыруу маселелерин чечүү үчүн жетишээрлик негизделген вектордун жоктугунда.

Илимий-теориялык, методикалык жана практикалык жактан мөмө-жемиш тармагын калыптандыруу жана андан ары карай өнүктүрүү боюнча Баутин В. М. (2006), Беляев Ю. К. (1985), Боев В. Р. (2000), Веников В. А. (1970), Глазунов А. И. (2006), Добрынин В. А. (2001) Комаров В. И. (1999), Куликов И. М. (2002), Сергеев В. Н. (2000), Ушачев И. Г (2006), Петриков А. (2001), Шпак А. (2018) ж.б. сыяктуу бир катар чет өлкөлүк илимпоз-окумуштуулардын эмгектеринде кеңири талданган.

Кыргыз Республикасынын мөмө-жемиш тармагынын өзгөчөлүгүн изилдөөгө салым кошуп, эмгектеринде чагылдырылган окумуштуулар: Мусакожоев Ш. М. (1969), Орузбаев А. О. (2002), Камчыбеков Т. К. (2021), Балбаков М. Б. (1992), Жумабаев Ж. (2005), Атышов К. А. (2020), Идинов К. И. (1997), Асанова А. А. (2013), Жаилов Ж. С. (2002), Токсобаева Б. А. (2018) жана башкалар.

Ошол эле учурда Кыргыз Республикасынын мөмө-жемиш тармагынын илимий-теориялык жактан кластердик негизде өнүктүрүү жана эконометрикалык методдун негизинде моделдөө жана болжолдоо маселелери начар изилденген бойдон калууда жана терең талдоону жана илимий түшүнүүнү талап кылат.

Ушуга байланыштуу иштин актуалдуулугу башкаруунун эффективдүү механизмдерин өнүктүрүүнүн, кооперациянын жана интеграциянын негизинде мөмө-жемиш тармагындагы ишканаларын жана уюмдарын туруктуу өнүктүрүүгө инновациялык жана инвестициялык процесстердин негизинде багытталган жолдорду тез арада издөөнүн зарылчылыгы менен аныкталат. Анын негизинде изилдөөнүн максаттары жана милдеттери аныкталган.

**Диссертациялык иштин темасынын артыкчылыктуу илимий багыттары, ири илимий программалары (долбоорлору), билим берүү жана илимий мекемелер тарабынан жүргүзүлгөн негизги илимий-изилдөө иштери менен байланышы.**

Диссертациянын темасы 2018-2040-жылдарга Кыргыз Республикасын туруктуу өнүктүрүүнүн Улуттук стратегиясы (2018-жылдын 31-октябры, № 221), Кыргыз Республикасын 2026-жылга чейин өнүктүрүүнүн Улуттук программасына (2021-жылдын 12-октябры, № 435) жана 2023-2027 –жылдарга Кыргыз Республикасында айыл чарба кооперациясын өнүктүрүү программасы (2023-жылдын 23-августу, № 418) жана ошондой эле, “М.Рыскулбеков атындагы КЭУ” ИИУнун илимий- изилдөө темасы менен байланыштуу.

**Изилдөөнүн максаты жана милдеттери.**

Диссертациялык изилдөөнүн максаты Кыргыз Республикасынын мөмө-жемиш тармагын өнүктүрүү боюнча теориялык жана практикалык сунуштамалардын жана сунуштардын комплексин иштеп чыгуу болуп саналат.

Коюлган максатка ылайык, диссертациялык иш төмөнкү милдеттерди коюуга жана чечүүгө багытталган:

1. мөмө-жемиш тармагын өнүктүрүүнүн илимий-теориялык жана методикалык уңгусун изилдөө;
2. мөмө-жемиш тармагын өнүктүрүүнүн экономикалык маанисин жана анын өнүгүүсүнө таасир этүүчү факторлорду аныктоо;
3. Республиканын мөмө-жемиш тармагынын потенциалын экономикалык жактан баалоо;
4. Республиканын мөмө-жемиш тармагын иликтөөнүн негизинде региондук кластерлердин аныктоо;
5. мөмө-жемиш тармагынын өнүктүрүүнүн жана оптималдаштыруунун негизги багыттарын талдоонун экономикалык-

математикалык жана корреляциялык-регрессиялык ыкмаларын колдонуу менен аныктоо, негиздөө жана экономикалык болжолдоо;

6. мөмө-жемиш тармагын калыптандырууну уюштуруу жана өркүндөтүү боюнча экономикалык механизмдерин иштеп чыгуу.

**Алынган натыйжалардын илимий жаңылыгы** катары базар мамилелеринин шартында мөмө-жемиш тармагын өнүктүрүүнүн келечектүү багыттарын аныктоо болуп эсептелет жана эконометрикалык болжолдун негизинде чечүүнү талап кылган олуттуу көйгөйлөрү ар тараптуу изилденип, тиешелүү жыйынтыктар чыгарылды. Булардын өзөгүн төмөнкүлөр түзөт:

– мөмө-жемиш тармагын өнүктүрүүнүн илимий-теориялык жана методикалык негизи бир нукка түшүрүлүп, андан кийин тереңдетилип талдоого алынды;

– мөмө-жемиш тармагынын дүйнөлүк региондор боюнча өнүгүүсүнө таасир этүүчү факторлор аныкталып, экономикалык-математикалык моделдөө аркылуу тармактын өнүгүүсүн оптималдаштырууну жана экономикалык натыйжалуулукту камсыз кылат;

– республиканын региондору боюнча мөмө-жемиш өстүрүүнүн көлөмү жана мөмө-жемиш өсүмдүктөрүнүн дүң продукциянын тенденциясынын өсүш темпи боюнча болжол аныкталды;

– региондордун табигый-климаттык өзгөчөлүктөрү боюнча баалоо аркылуу мөмө-жемиш тармагынын өнүктүрүүнүн келечектүү сегменттери аныкталды;

– республиканын табигый-климаттык өзгөчөлүктөрүн иликтөөнүн негизинде региондук мөмө-жемиш кластерлеринин негизинде талдоо жүргүзүүнүн экономикалык-математикалык жана корреляциялык-регрессиялык ыкмаларын колдонуу менен 2030-жылга чейинки мезгилге мөмө-жемиш тармагын өнүктүрүүнүн болжолу иштелип чыккан жана сунушталган;

– Кыргыз Республикасында мөмө-жемиш тармагын жөнгө салуунун уюштуруу-экономикалык механизми иштелип чыкты;

**Алынган натыйжалардын практикалык мааниси.** Ишти даярдоонун жүрүшүнөн келип чыккан практикалык натыйжалары, далилдүү сунуштар жана корутундулар мөмө-жемиш тармагын өнүктүрүү саясатын ишке ашыруучу мамлекеттик органдар тарабынан айыл-чарба стратегиясын экономикалык багыттарын аныктоодо, ошондой эле иштелип чыккан эконометрикалык болжолдор кыска жана орто мөөнөттүү келечекте мөмө-жемиш тармагын өнүктүрүүнүн стратегияларын жана программаларын иштеп чыгуу үчүн негиз боло алат.

Диссертациялык изилдөөнүн негизги жоболору "Дүйнөлүк экономикасы", "Улуттук экономика", "Эконометрика", "Экономикалык, математикалык ыкмалар жана моделдер" курстары боюнча дарстарды окууда окуу материалы катары, ошондой эле илимий изилдөө иштерине колдонууга болот.

**Диссертациялык изилдөөнүн экономикалык мааниси.** Мөмө-жемиш тармагынын илимий - теориялык, методикалык жактан иштелип чыккан негиздемеси, алынган жыйынтыгы жана практикалык сунуштары Кыргыз Республикасынын министирликтер, ведомстволор тарабынан даярдалуучу Кыргыз Республикасынын концепцияларына, социалдык-экономикалык өнүктүрүүнүн стратегиясына, айыл-чарбанын башкы багыттарын аныктоого маалыматтык база катары колдонулушу мүмкүн.

Ошондой эле, айыл-чарба жана мөмө-жемиш тармактарын өнүктүрүүнү оптималдаштыруу модели мамлекеттик органдар тарабынан Кыргыз Республикасында айыл-чарбасын өнүктүрүүнүн башкы багыттарын жана артыкчылыктарын аныктоодо мамлекеттик программаларын жана стратегиясын иштеп чыгууда колдонулушу мүмкүн.

**Диссертациянын коргоого чыгарылган негизги жоболору:**

– талдоонун экономикалык, математикалык жана корреляциялык, регрессиялык методдорун колдонуу жолу менен иштелип чыккан жана аныкталган факторлордун жана такталган көрсөткүчтөрдүн негизинде 3 сценарий боюнча 2030-жылга чейинки мөмө-жемиш тармагын өнүктүрүүнүн болжолу сунушталган;

– мөмө-жемиш тармагын оптималдаштыруу жана жөнгө салуу үчүн экономикалык, математикалык жана корреляциялык, регрессиялык методдорун колдонуу менен 2030-ж. чейин өнүктүрүүнү жакшыртуу боюнча сунуштар иштелип чыкты;

– республиканын региондорун келечекте табигый-климаттык өзгөчөлүктөрүнүн негизинде экономикалык жактан баалоонун жыйынтыгы менен мөмө-жемиш кластерин калыптандыруунун модели түзүлүп чыкты;

– мөмө-жемиш тармагын жөнгө салуу механизми иштелип чыкты жана аны ишке ашыруунун максатка ылайыктуулугу аныкталды.

**Изденүүчүнүн жеке салымы.** Автор мөмө-жемиш тармагын өнүктүрүү боюнча иштелип чыккан теориялык жана методикалык материалдын олуттуу бөлүгүнө токтолуп, аны терең талдап, жыйынтык чыгарып, региондордун табигый-климаттык өзгөчөлүктөрүнүн деңгээлин изилдөөнүн негизинде тармакты өнүктүрүүнүн орто мөөнөттүү болжолун түзөт. Анын келечектүү негизги багыттарынын негизинде мөмө-жемиш тармагынын эконометрикалык модели, аны жөнгө салуу жана башкаруунун уюштуруу-экономикалык механизми да иштелип чыккан.

**Натыйжаларды апробациялоо.** Диссертациялык иштин негизги жоболору жана корутундулары жыл сайын өткөрүлүүчү Мусакожоев окууларынын алкагында профессорлор Т. К. Камчыбековдун жана К. А. Атышовдун 70 жылдык маарекесине арналган «Кыргызстандын заманбап экономикасы: проблемалары жана өнүгүү келечеги» (Бишкек, 2019), жыл сайын өтүүчү Мусакожоев окууларынын алкагында, ВАСХНИЛ мүчө-корреспонденти А. У. Орузбаевдин жана Кыргыз ССР ИАнын мүчө-корреспонденти А. Молдокуловдун 90 жылдык маарекелерине арналган «Интеграция шартында региондук өнүгүүнүн экономикалык көйгөйлөрү»

(Бишкек, 2020), жыл сайын өтүүчү Рыскулбеков окууларынын алкагында профессор Муса Рыскулбековдун 110 жылдыгына жана техника илимдеринин доктору, профессор К. А. Алымбековдун 70 жылдыгына арналган «Кыргыз Республикасы: иденттүүлүктү издөөнүн 30 жылдык жолу» (Бишкек, 2021-ж.), профессор Ж. Ж. Жумабаевдин 80 жылдыгына арналган «Заманбап башкаруунун жана экономиканын актуалдуу проблемалары» (Бишкек, 2021), академик Кайып Оторбаевдин 100 жылдыгына арналган «Орто Азияда өндүрүштүк күчтөрдү өнүктүрүү жана жайгаштыруу көйгөйлөрү» (Бишкек, 2022) аттуу эл аралык илимий-практикалык конференцияларда талкууланды.

**Диссертациянын жыйынтыктарын басылмаларда чагылдыруунун толуктугу**. Диссертациянын негизги жоболору жана натыйжалары Кыргыз Республикасынын ар кандай илимий, мезгилдүү басылмаларында, Россиянын - РИНЦ индекстөө системасына кирген басылмаларда (чет элдик басылмалар) изилденүүчү тема боюнча 8 басылмада, жалпы саны 134 баллда чагылдырылган.

**Диссертациянын түзүлүшү жана көлөмү.** Диссертациялык иш кириш сөздөн, үч бөлүмдөн, корутундудан, практикалык сунуштар, колдонулган адабияттардын тизмесинен турат, компьютердик терүүнүн негизги текстинин 184 бетинде баяндалган жана 25 сүрөт, 6 таблицаны жана библиографиялык тизменин 187 аталышын камтыйт.

## ДИССЕРТАЦИЯНЫН НЕГИЗГИ МАЗМУНУ

Диссертациянын негизги мазмунун актуалдуулугу, анын негизги илимий программалар менен байланышын, илимий изилдөөнүн деңгээлинин негиздемесин, анын максаттарын жана милдеттерин аныктайт. Коргоо үчүн сунушталган негизги жоболор, изилденип жаткан теманын экономикалык жана практикалык мааниси, диссертациялык изилдөөнүн теориялык жана методикалык негиздери ачылып, алынган натыйжалардын экономикалык жана практикалык мааниси аныкталган.

«**Мөмө-жемиш тармагынын теориялык-методикалык негиздери**» деген аталыштагы **биринчи бапта** мөмө-жемиш тармагын, ошондой эле жалпысынан агрардык секторду өнүктүрүүнүн экономикалык маңызы изилденип, теориялык жана методикалык аспектилери негизделген. Айыл чарба өндүрүшүн жана анын тармактарын туруктуу өнүктүрүү маселелери ар түрдүү проблемаларга арналган көп сандаган илимий эмгектерде талдоого алынган. Туруктуулукту аныктоо жана аны баалоо индикаторлору боюнча ар кандай көз караштар бар. Заманбап шарттарды эске алуу менен мөмө-жемиш тармагын башкарууну уюштуруунун туруктуу системасын куруунун принциптери, факторлордун классификациясы жана анын туруктуулугун жогорулатуунун жолдору тийиштүү негиздемелер алынган эмес. [**Баутин, В. М.** Проблемы устойчивого развития сельского хозяйства в сельских территориях / Баутин В. М., Козлов В. В. - М, 2006. -Ч. 1.- С. 180-184.].

Мөмө-жемиш тармагынын өнүгүүсүнүн туруктуулугун калыптандырууда өз ара байланышкан тышкы жана ички факторлордун бүтүндөй комплекси таасир этет. Тышкы жана ички таасирлерди эске алуу менен мөмө-жемиш тармагынын өнүгүшүн аныктоочу система түзүүчү факторлордун классификациясын иштеп чыктык.

Классификациялоодо факторлордун төмөнкүдөй негизги топторун аныктадык: ресурстук; экономикалык; уюштуруучулук; Алардын бардыгы органикалык байланышта болуп, илимий-техникалык прогресстин жана өндүрүштүн технологиясын өнүктүрүү аркылуу ишканалардын ишинин натыйжаларына таасирин тийгизет (1.1-сүрөт).
.




**Сүрөт. 1.1. Мөмө-жемиш тармагынын туруктуу өнүгүүсүнө таасир этүүчү факторлордун классификациясы**

Булак: Автордун иштеп чыгуусу

**Ресурстук:** факторлор мөмө-жемиш тармагынын өнүгүүсүнүн туруктуулугуна төмөндөгүлөр аркылуу таасир этет:

– ата мекендик өндүрүүчүлөрдүн мөмө-жемишти өндүрүүнү интенсификациялоону эске алуу менен жерди сарамжалдуу пайдалануу;
– материалдык-техникалык базаны жана эмгек ресурстарын түзүү;
– ички ресурстарды толук пайдалануу аркылуу инвестициялык процесстерди активдештирүү;
– маалымат системасын өнүктүрүү.

**Экономикалык**: кызматташтык жана интеграция, ар кандай деңгээлдеги экономикалык мамилелердин механизмин болжолдоо жана пландаштыруу; финансы, кредит жана камсыздандыруу системалары; өндүрүштү

экономикалык жактан стимулдаштыруу; рынокту өнүктүрүү; кооперациялоо жана өндүрүштү интеграциялоо.

**Уюштуруучулук** факторлоруна төмөндөгүлөр аркылуу таасир этет: бардык деңгээлдеги уюштуруу-өндүрүштүк структуралар; башкаруу органдарынын функцияларын аныктоо; ишканаларда эмгекти уюштуруу; оперативдүү башкаруу, маркетинг жана логистика.

Бардык факторлор тыгыз байланышта жана кооперация жана интеграция, инновациялык процесстер жана технологиялар аркылуу мөмө-жемиш тармагындагы ишканалардын ишинин натыйжалуулугуна таасирин тийгизет.

«**Кыргыз Республикасынын мөмө-жемиш тармагынын азыркы өнүгүүсүн талдоо**» аталышындагы **экинчи бапта** республиканын региондорундагы мөмө-жемиш тармагынын өнүгүшүнүн өзгөчөлүктөрү комплекстүү талданып, мөмө-жемиш тармагынын абалына баалоо жүргүзүлдү.

**Изилдөөнүн объектиси** болуп мөмө-жемиш тармагы саналат.

**Изилдөөнүн предмети** болуп айыл-чарбанын эффективдүүлүгүн жогорулатуунун негизи болгон мөмө-жемиш тармагы менен байланышкан экономикалык жана өндүрүштүк процесстер саналат.

**Изилдөөнүн методдору:** статистикалык, салыштырмалуу, жалпылоо, жана экономика-математикалык моделдөө ыкмалары, сандык, системалык.

Республика боюнча уруктуу мөмө берүүчү жыгач өсүмдүктөрү (алма, алмурут, айва) 2018-жылы 29890,3 миң га 2023-жылы 28645,8 га, данектүү мөмө берүүчү өсүмдүктөрү (Кара өрүк, чие, гилас, өрүк, шабдаалы, алыча ж.б) 2018-жылы 18142га 2023-жылы 21189га түздү. Экономиканын агрардык секторундагы мындай позитивдүү өзгөрүүлөр бир жагынан дыйкандардын айыл чарба продукциясын өндүрүүнү көбөйтүүгө жеке кызыккандыгынан болсо, экинчи жагынан суроо-талаптардын таасиринен улам болуп жатат.

Кыргыз Республикасынын бардык категорияларындагы чарбаларда мөмө-жемиш өсүмдүктөрүнүн аянты көбөйдү.

**2.1-таблица. Республикасынын чарбаларынын категориялары боюнча 2018 жана 2023-жылга карата мөмө-жемиш өсүмдүктөрүнүн дүн чыгарылышы (учурдагы баа менен, млн. сом)**

| | Мамлекеттик чарбалар | Жамааттык чарбалар | Дыйкан (фермер) чарбалары | Жарандардын жеке көмөкчү чарбалары |
|---|---|---|---|---|
| 2018 | 72,2 | 9,7 | 3304,2 | 6283,1 |
| 2023 | 71,6 | 1,5 | 6238,57 | 15013,047 |

Булак: автор тарабынан Кыргыз Республикасынын Улуттук статистикалык комитетинин маалыматтарынын негизинде, түзүлүп эсептелди [Электрондук ресурс]: Кыргыз Республикасынын айыл чарбасы, 2018-2023-ж – Б., 2023. – Кирүү режими: https://stat.gov.kg/ru/statistics/selskoe-hozyajstvo/. - башкы беттен.

2.1-таблицанын маалыматында көрүнүп тургандай мамлекеттик, жамааттык чарбаларга караганда дыйкан (фермер), жарандардын жеке көмөкчү чарбалары алда канча айырмаланып турганынын көрүүгө болот.




**2.1-сүрөт. Аймактар боюнча 2018 жана 2023-жылдарга мөмө-жемиш өсүмдүктөрүнүн айдоо аянттарын салыштыруу (гектар менен)**

Булак: автор тарабынан Кыргыз Республикасынын Улуттук статистикалык комитетинин маалыматтарынын негизинде, түзүлүп эсептелди [Электрондук ресурс]: Кыргыз Республикасынын айыл чарбасы, 2018-2023-ж –Б., 2023 –Кирүү режими - https://stat.gov.kg/ru/statistics/selskoe-hozyajstvo/ башкы беттен.

Аймактар боюнча 2023-жылы 2018- жылга салыштырмалуу айдоо аянттары Ысык-Көл облусунда 3579 гектарга өссө, ал эми Чүй облусунда 2700 гектарга азайганы байкалууда (2.1-сүрөт).




**2.2-сүрөт. Аймактар боюнча 2018 жана 2023-жылдарга мөмө-жемиш өсүмдүктөрүнүн түшүмдүүлүгүн салыштыруу (бир гектардан центнер менен)**

Булак: автор тарабынан Кыргыз Республикасынын Улуттук статистикалык комитетинин маалыматтарынын негизинде, түзүлүп эсептелди [Электрондук ресурс]: Кыргыз

Республикасынын айыл чарбасы, 2018-2023-ж –Б., 2023 –Кирүү режими: https://stat.gov.kg/ru/statistics/selskoe-hozyajstvo/ - башкы беттен.

Мөмө-жемиш өсүмдүктөрүнүн түшүмдүүлүгү 2023-жылы 2018-жылга салыштырмалуу Ысык-Көл, Ош , Баткен облустарында жакшырганын байкоого болот (2.2-сүрөт).




**2.3-сүрөт. Аймактар боюнча 2018 жана 2022-жылдарга карата мөмө - жемиш өсүмдүктөрүнүн дүң продукциясын салыштыруу (учурдагы баа менен, млн. сом)**

Булак: автор тарабынан Кыргыз Республикасынын Улуттук статистикалык комитетинин маалыматтарынын негизинде, түзүлүп эсептелди [Электрондук ресурс]: Кыргыз Республикасынын айыл чарбасы, 2018-2023-ж –Б., 2023 –Кирүү режими: - https://stat.gov.kg/ru/statistics/selskoe-hozyajstvo/ башкы беттен.

Жогорудагы талдоо көрсөтүп тургандай региондордун ар биринин чегиндеги изилдөөнүн жыйынтыгына ылайык сапаттык, сандык көрсөткүчтөрү жогору болгон мөмө-жемиштерди өстүрүүгө болот (2.3-сүрөт).




**2.4-сүрөт. 2023-жылга карата Кыргыз Республикасынын аймагындагы мөмө-жемиш өсүмдүктөрүнүн дүң жыйымы жана түшүмдүүлүгүн бөлүштүрүүнүн схемасы**

Булак: автор тарабынан Кыргыз Республикасынын Улуттук статистикалык комитетинин маалыматтарынын негизинде, түзүлүп эсептелди [Электрондук ресурс]: Кыргыз Республикасынын айыл чарбасы, 2018-2023-ж –Б., 2023 –Кирүү режими: https://stat.gov.kg/ru/statistics/selskoe-hozyajstvo/ - башкы беттен.

**2.2-таблица. Кыргызстандан чыгарылган мөмө-жемиштердин экспортунун көлөмү жана наркы**

| | 2023 | | 2022 | | Өсүү темптери | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | Миң тонна | Миң сом | Миң тонна | Миң сом | % | % |
| Уруктуу мөмө-жемиш (алма, алмурут, айва) | 6 554,5 | 121 626,5 | 12 821,0 | 269 682,9 | 51,1 | 45,1 |
| Данектүү мөмө-жемиш ( өрүк, алча, гилас, шабдалы, кара өрүк) | 9 243,7 | 538 972,4 | 20 738,6 | 721 347,6 | 44,6 | 74,7 |

Булак: автор тарабынан Кыргыз Республикасынын Улуттук статистикалык комитетинин маалыматтарынын негизинде, түзүлүп эсептелди [Электрондук ресурс]: Кыргыз Республикасынын айыл чарбасы, –Б., 2023 –Кирүү режими: https://stat.gov.kg/ru/statistics/selskoe-hozyajstvo/ - башкы беттен.

Аба ырайынын жана климаттын жагымдуу шарттарынын негизинде Кыргызстанда айыл чарба тармагын өнүктүрүүнү улантууга жакшы мүмкүнчүлүктөр бар жана экспортко багытталган өндүрүшкө басым жасалууда. Бул бардык талаптарды сактоо жана өлкөдөгү товарларды импорттоого багытталган рыноктордун шарттарына шайкеш келүүнү талап кылат дегенди билдирет. Анын үстүнө Кыргызстан Евробиримдиктин талаптарына ылайык кургатылган мөмө-жемиштерди жана башка азык-түлүктөрдү жеткирип, европалык рынокко чыгуунун жолун тапты. Бул Кыргызстандын продукциясына суроо-талаптын бар экендигин жана алардын сунушун көбөйтүү зарылдыгын далилдейт.

**2.3 - таблица 2021-жылга карата ЕАЭБдин өлкөлөрүнүн мөмө-жемиштерди өстүрүү боюнча кыскача маалыматы**

| | Мөмө-жемиштердин дүң жыйымы (миң тонна) | Мөмө-жемиш экспортунун көлөмү (миллион АКШ доллары) | Импорттун көлөмү (миллион АКШ доллары) |
|---|---|---|---|
| Армения | 560,0 | 67,5 | 61,3 |
| Беларусь | 609,0 | 103,1 | 391,2 |
| Россия | 3 951,7 | 75,4 | 4 444,6 |
| Казахстан | 353,1 | 18,7 | 280,7 |
| Кыргызстан | 132,3 | 12,1 | 61,9 |
| ЕАЭС | 5 606,1 | 276,8 | 5 178,4 |

Булак: Евразия экономикалык комиссиясы, 2022-ж. https://eec.eaeunion.org/comission/department/dar/report/2022.php

Бириккен Улуттар Уюмунун Азык-түлүк жана айыл чарба уюмунун (ФАО) статистикасына ылайык, мөмө-жемиш азыктарын керектөөнүн дүйнөлүк темпинин, анын ичинде алардын баасынын да жыл сайын жогорулашы күтүлүүдө. Бул Кыргызстандын мөмө-жемиш өстүрүү тармагында аймактык гана эмес, өлкөнүн эл аралык экспорттук потенциалын мындан ары жогорулатуу мүмкүнчүлүгү жогору экенин көрсөтүп турат.

Европанын азык-түлүк рыногу – бул көп сандагы түрдүү процедураларды жана эрежелерди ишке ашырууну жана сапат стандарттарын сактоону талап кылган татаал, көп баскычтуу механизм.

2014-2016-жылдар аралыгында Евробиримдиктин олуттуу чараларына жана талаптарына карабастан Кыргызстан Евробиримдиктин өлкөлөрүнө айыл чарба продукцияларын, анын ичинде кургатылган жемиштерди экспорттой алды. Бул Европа рыногунда кургатылган жемиштер калк арасында чоң суроо-талапка ээ экенин, ал эми кургатылган жемиштердин сапаты жана компоненттери сапат жана коопсуздук боюнча ЕБ директиваларынын бардык талаптарына жооп берерин көрсөтүп турат.

Кургатылган мөмө-жемиш азыктарын ЕАЭБге мүчө мамлекеттерге да, ЕБ рынокторуна да экспорттоону өнүктүрүү үчүн жагымдуу шарттарды түзүү үчүн бардык катышуучулар бири-бирине ак ниет мамиле жасап, төмөнкү сунуштарды так аткаруусу зарыл:

1. Айыл чарба секторун субсидиялар, гранттар жана жеңилдетилген кредиттер түрүндө туруктуу негизде мамлекеттик колдоо;

2. Айыл чарба тармагын, атап айтканда, мөмө-жемиш продуктыларын терең жана ар тараптуу илимий изилдөөлөрдү жүргүзүү.

3. Аймактын фермерлеринин дүйнөдөгү айыл чарбасындагы инновациялар жана алдыңкы технологиялар, ЕАЭБ жана Евробиримдиктин агроөнөр жай комплексиндеги мыйзам чыгаруу базасындагы инновациялар жөнүндө маалымдуулугун кеңейтүү жана жогорулатуу үчүн башкаруунун инновациялык ыкмалары менен маалыматтык-технологиялык платформаны түзүү;

4. Консультацияларды, тегерек столдорду, семинарларды ж.б. өткөрүү аркылуу азык-түлүк коопсуздугуна потенциалдуу тышкы тобокелдиктерди жана коркунучтарды азайтуу максатында айыл чарба тармагында ФАО, ДСУ, ДБ, АӨБ ж.б. сыяктуу эл аралык уюмдар менен тыгыз иш жүргүзүүнү улантуу. Ошондой эле биргелешкен долбоорлордун алкагында мөмө-жемиш азыктары менен камсыздоо боюнча техникалык колдоо көрсөтүү.

Бириккен Улуттар Уюмунун Азык-түлүк жана айыл чарба уюму тарабынан (ФАО) Кыргыз Республикасынын Айыл чарба министрлиги менен биргеликте "Багбанчылыкка алдыңкы технологияларды киргизүүнүн инновациялык ыкмаларын жайылтуу жана илгерилетүү" долбоорун ишке ашыруунунун негизинде питомниктердин жана мөмө-жемиш өндүрүүчүлөрдүн усулдук жана техникалык колдоо көрсөтүлөт.

Долбоордун дагы бир маанилүү компоненти агрономдорду жана фермерлерди көчөт отургузуунун негизги багыттары боюнча окутса болот. Жалпысынан 60тан ашык адисти даярдоо пландалууда.

Мөмө өстүрүүчүлөр ассоциациясы 2030-жылга чейин айдоо аянтын 50 миң гектарга, дүң жыйымды 25 миң тоннадан 750 миң тоннага, жылдык мөмө-жемиш экспортунун көлөмүн 1 миллиард долларга жеткирүүнү пландоодо.

Кыргызстандын мөмө-жемиш тармагы калктын айыл чарба продукциясына болгон суроо-талабын камсыздоо менен бирге акыркы жылдары бул тармакка адистешкен чарбалардын ишмердүүлүгүн стимулдаштырууга жана өнүктүрүүгө өзгөчө көңүл буруп, ошону менен өлкөнүн экспорттук потенциалын жогорулатууга салым кошууда. Айыл чарбасын жана агрардык секторду модернизациялоо өлкөнүн азык-түлүк коопсуздугун олуттуу бекемдейт жана экспорттук потенциалды камсыздайт. [Кенжебаев, М. К. Кыргыз Республикасындагы мөмө-жемиш тармагын өнүктүрүү көйгөлөрү жана аларды чечүүнүн жолдору /[Текст] Т. К. Камчыбеков., М. К. Кенжебаев // Известия ВУЗов Кыргызстана. - 2022. - №3. - С. 104-107.]

Кыргыз мөмө-жемиштерин Монголия, Катар, БАЭ, Япония, Кытай, АКШ, Корея, Индия жана Евробиримдиктин өлкөлөрүнө жеткирүүгө да көп мүмкүнчүлүктөр бар.

«**Кыргыз Республикасынын мөмө-жемиш тармагын өнүктүрүүнүн келчектүү багыттары**» аталышындагы **үчүнчү бапта** мөмө-жемиш тармагын өнүктүрүүнүн негизги багыттары аныкталган, экономикалык механизмдерди оптималдаштыруу жана өркүндөтүү үчүн талдоонун экономикалык-математикалык жана корреляциялык - регрессиялык методдорун колдонуу менен 2030-жылга мөмө-жемиш тармагын өнүктүрүүнүн болжолу иштелип чыккан жана сунушталган, мөмө-жемиш тармагын мындан ары өнүгүү процессинин жаңы ыкмаларын жана принциптерин эске алуу менен тармакты жөнгө салуунун экономикалык механизмдери аныкталган.

Экономикалык өнүгүүнүн инновациялык түрү мөмө-жемиш тармагы үчүн биринчи кезекте детерминизмдин төмөндөшүн жана бүтүндөй башкаруу системасынын татаалданышын билдирет. Макроэкономикалык, технологиялык жана укуктук тышкы чөйрөнүн жогорку өзгөрмөлүүлүгү комплекстин ишканаларынын аман калуу көйгөйүн алардын күтүлбөгөн кырдаалдарда стратегиялык багыттоо жөндөмдүүлүгүнө түздөн-түз көз каранды кылат. Инновациялык компаниянын өнүгүү логикасы оордук борборун оперативдүү тактикалык башкаруудан стратегиялык деңгээлге жылдырууга алып келет. Демек, 7 фактордон көз каранды болгон эконометрикалык моделин карап көрөлү.

$y-$ Кыргыз Республикасынын айыл чарбасынын мөмө-жемиш өсүмдүктөрүнүн дүң продукциясы (млн. сом).

$x_1$ $-$орточо эмгек акы (сом)

$x_2$ $-$туруктуу калк (адамдар)

$x_3$ —керектөөнүн орточо физиологиялык ченемдерине карата мөмө-жемиштерди (негизги тамак-аш азыктарын) киши башына орточо керектөө (пайыз менен)

$x_4$ —Кыргыз Республикасында мөмө-жемиш өсүмдүктөрүнүн негизги түрлөрүн сатуу (тонна)

$x_5$ —Кыргыз Республикасында мөмө-жемиш өсүмдүктөрүнүн түшүмдүүлүгү (гектарына центнер)

$x_6$ — Кыргыз Республикасындагы мөмө-жемиш өсүмдүктөрүнүн айдоо аянты (га)

$x_7$ —мөмө-жемиш өсүмдүктөрүнүн дүң жыйымы (тонна)

**3.1-таблица. Кыргыз Республикасынын 2013-2023-жж. экономикалык көрсөткүчтөрүнүн корреляциялык матрицасы.**

| | $y$ | $x_1$ | $x_2$ | $x_3$ | $x_4$ | $x_5$ | $x_6$ | $x_7$ |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| $y$ | 1 | | | | | | | |
| $x_1$ | 0,96 | 1 | | | | | | |
| $x_2$ | 0,9 | 0,94 | 1 | | | | | |
| $x_3$ | 0,5 | 0,67 | 0,59 | 1 | | | | |
| $x_4$ | 0,65 | 0,67 | 0,78 | 0,38 | 1 | | | |
| $x_5$ | 0,68 | 0,75 | 0,81 | 0,55 | 0,84 | 1 | | |
| $x_6$ | 0,25 | 0,09 | 0,31 | -0,29 | 0,37 | 0,14 | 1 | |
| $x_7$ | 0,74 | 0,76 | 0,87 | 0,42 | 0,91 | 0,95 | 0,39 | 1 |

Булак: автордун иштеп чыгуусу

Корреляциялык таблицадан көрүнүп тургандай $x_3$ жана $x_6$, $x_3$ жана $x$, $x_4$ жана $x_6$, $x_3$ жана $x_2$, $x$ $_3$ жана $x_7$, $x_7$ жана $x_6$, $x_1$ жана $x_6$ өз-ара көз каранды экендиги аныкталды. Мисалы, орточо айлык эмгек акы жана Кыргыз Республикасындагы мөмө-жемиш өсүмдүктөрүнүн айдоо аянты, туруктуу калк менен керектөөнүн орточо физиологиялык ченемдерине карата мөмө-жемиштерди (негизги тамак-аш азыктарын) киши башына орточо керектөө (пайыз менен) ж.б. көрсөткүчтөр өз-ара абдан корреляцияланган, 3.1-таблицанын маалыматы.

Жогорудагы жупташкан факторлор каралып жаткан моделдеги мультиколлинеардуулукка алып келиши мүмкүн. Төмөндө факторлор алардын маанилик деңгээлине жараша алынып салынарын көрсөтөбүз. Компьютердик эсептөөлөрдүн натыйжасында төмөнкү регрессиялык статистиканы алабыз:

**3.2-таблица. Кыргыз Республикасынын 2013-2023-жж. экономикалык көрсөткүчтөрүнүн регрессиялык статистикасы.**

| *Регрессиялык статистика* | |
|---|---|
| Р көптүк | 0,99 |
| $R^2$ | 0,99 |
| Нормалдаштырылган $R^2$ | 0,98 |

| | |
|---|---|
| Стандарттык ката | 617,96 |
| Байкоолордун саны | 11 |

Булак: автордун иштеп чыгуусу

Регрессиялык статистикада көрүнүп тургандай, детерминация коэффициенти 0,99 түзүп, көз каранды жана көз карандысыз өзгөрмөлөрүнүн ортосундагы байланышты сүрөттөгөн регрессиялык моделдин сапатынын жакшы деңгээлде экенин чагылдырган негизги көрсөткүч экендигинин далили, 3.2- таблицанын маалыматы.

**3.3-таблица. Корреляция коэффициенттеринин матрицасы:**

| | *Коэффицент тер* | *Стандарттык ката* | *t-статистика* | *P-мааниси* |
|---|---|---|---|---|
| Y- кесилиши | -35094,27 | 31705,690 | -1,11 | 0,35 |
| $x_1$ − өзгөрмөсү | 1,08 | 0,13 | 8,56 | 0,003 |
| $x_2$ − өзгөрмөсү | -0,007 | 0,002 | -2,41 | 0,09 |
| $x_3$ − өзгөрмөсү | -110,67 | 66,31 | -1,67 | 0,19 |
| $x_4$ − өзгөрмөсү | 0,006 | 0,02 | 0,29 | 0,79 |
| $x_5$ − өзгөрмөсү | -36,05 | 459,61 | -0,08 | 0,94 |
| $x_6$ − өзгөрмөсү | 1,27 | 0,57 | 2,22 | 0,11 |
| $x_7$ − өзгөрмөсү | 0,005 | 0,09 | 0,057 | 0,96 |

Булак: автордун иштеп чыгуусу

Эсептөөлөрдүн жыйынтыгында 7 фактордон көз каранды болгон Кыргыз Республикасынын мөмө-жемиш өсүмдүктөрүнүн дүң продукциясынын экономикалык-математикалык модели түзүлгөн:

$$y = -35107{,}74 + 1{,}08x_1 - 0{,}0057x_2 - 110{,}33x_3 + 0{,}006x_4 - 35{,}68x_5 + 1{,}27x_6 + 0{,}006x_7. \quad (3.1)$$

Моделге кирген факторлор ($x_i$- моделинде эске алынгандардан тышкары) $Y$ тын натыйжасына жалпы таасирин баалайт жана $x_i$жок болгон y тин мааниси 35107,74 болоорун билдирет, 3.3-таблицанын маалыматы.

Жупташтырылган корреляция коэффициенттеринин матрицасына ылайык $r(x_1x_2), r(x_1x_5), r(x_1x_7), r(x_2x_4), r(x_2x_5), r(x_2x_7), r(x_4x_5), r(x_4x_7), r(x_5x_7) |r| > 0{,}7$ ге ээ, бул факторлордун мультиколлинеардуулугун жана алардын бирин кийинки анализден алып салуу зарылдыгын көрсөтөт.

Түзүлгөн моделдин адекваттуулугун текшерүү кээ бир баштапкы факторду алып салууга алып келди. Эң маанилүү $x_1$, $x_2, x_3, x_4, x_5$ жана $x_7$ факторлор моделди мындан ары жакшыртууга мүмкүндүк берет.

Корреляция таблица $x_5$ жана $x_7$ абдан корреляциялуу экенин көрсөтүп турат жана мында детерминация коэффициенти 0,98 түзөт.

Кыргыз Республикасынын мөмө-жемиш өсүмдүктөрүнүн дүң продукциясынын 6 фактордон көз карандылыгынын экономикалык-математикалык модели төмөнкүдөй формага ээ:

$y = 30609.3883 + 0.9865x_1 - 0.00501x_2 - 95.2292x_3 - 0.00861x_4 - 750.3076x_5 + 0.1444x_6.$ (3.2)

Бул моделдин детерминация коэффициенти $R^2 = 0,98$ жана изилденген натыйжа 98% жогорудагы 6 фактор менен түшүндүрүлгөнүн көрсөтөт. Кийинки кадамда керектөөнүн орточо физиологиялык ченемдери жана мөмө-жемиш өсүмдүктөрүнүн негизги түрлөрүн сатуу факторлору тиешелүү деңгээлде маанилүү эмес болгондуктан, аларды модельден четтетип жаңы модель түзөбүз.

Эсептөөлөрдүн натыйжасында 4 фактордон көз каранды болгон регрессия теңдемеси алынды:

$y = 37923.5239 + 0.9939x_1 - 0.00642x_2 - 1050.8894x_3 + 0.1918x_4.$ (3.3)

3 кадам менен жакшыртылган моделдин негизинде Кыргыз Республикасынын айыл чарбасынын мөмө-жемиш өсүмдүктөрүнүн дүң продукциясынын (млн. сом) келечектеги болжолун эсептөөгө мүмкүндүк берди.

**3.4 – таблица. Кыргыз Республикасынын 2024-2030-жылдарга экономикалык көрсөткүчтөрүнүн болжолу**

| | Кыргыз Республикасынын айыл чарбасынын мөмө-жемиш өсүмдүктөрүнүн дүң продукциясы (млн. сом). | Орточо эмгек акы (сом) | Туруктуу калк (адамдар) | Кыргыз Республикасында мөмө-жемиш өсүмдүктөрүнүн түшүмдүүлүгү (гектарына центнер) | Мөмө-жемиш өсүмдүктөрүнүн дүң жыйымы (тонна) |
|---|---|---|---|---|---|
| | y | $x_1$ | $x_2$ | $x_5$ | $x_7$ |
| 2013 | 7 475,1 | 11341 | 5663133 | 48 | 233567,4 |
| 2014 | 8 607,9 | 12285 | 5776570 | 47,7 | 237035,2 |
| 2015 | 8 370,1 | 13483 | 5895062 | 42,5 | 209223,7 |
| 2016 | 8 148,5 | 14847 | 6019480 | 48,7 | 239296,6 |
| 2017 | 9 110,0 | 15670 | 6140200 | 49,3 | 240596,2 |
| 2018 | 9 669,2 | 16427 | 6256730 | 50,7 | 251424,1 |
| 2019 | 9 193,4 | 17232 | 6389500 | 52,9 | 269513,1 |
| 2020 | 12 991,0 | 18940 | 6523529 | 52,3 | 278048,2 |
| 2021 | 13 778,0 | 19330 | 6636803 | 50,2 | 266447,8 |
| 2022 | 15 566,2 | 26540 | 6912849 | 53,8 | 275547,4 |
| 2023 | 21 324,8 | 32078 | 7037590 | 54,4 | 278879 |
| | $R^2$=0,98 | $R^2$ = 0,82 | $R^2$ = 0,98 | $R^2$ = 0,70 | $R^2$ = 0,76 |

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| 2024 | 17973,97 | 28269,5 | 7108318 | 54,97 | 288618,4 |
| 2025 | 19088,77 | 29978,5 | 7243773 | 55,79 | 294606,6 |
| 2026 | 20203,59 | 31687,5 | 7379228 | 56,61 | 300594,8 |
| 2027 | 21318,40 | 33396,5 | 7514683 | 57,43 | 306583 |
| 2028 | 22433,22 | 35105,5 | 7650138 | 58,25 | 312571,2 |
| 2029 | 23548,03 | 36814,5 | 7785593 | 59,07 | 318559,4 |
| 2030 | 24662,85 | 38523,5 | 7921048 | 59,89 | 324547,6 |

Булак: автордун иштеп чыгуусу

2024-2030-жылдарга болжолдуу маанилер аталган мезгил үчүн экономикалык-математикалык моделге кирген факторлордун бардыгынын өсүү тенденциясын көрсөтүп турат, 3.4-таблицанын маалыматы.

Бул корреляциялык-регрессиялык талдоо Кыргыз Республикасынын мөмө-жемиш өсүмдүктөрүнүн дүң продукциясы, орточо айлык эмгек акы, туруктуу калк, мөмө-жемиш өсүмдүктөрүнүн түшүмдүүлүгү жана жыйымы экономикалык көрсөткүчтөрдөн көз карандыгын көрсөтөт. Мисалы, орточо айлык эмгек акы, туруктуу калк, айрым экономикалык факторлордун изилденүүчү натыйжага тийгизген таасири жөнүндөгү гипотезаны ырастайт.




**3.1-сүрөт. Кыргыз Республикасынын мөмө-жемиш өсүмдүктөрүнүн дүң продукциясынын 2024-2030 жылдарга карата болжолу (млн. сом).**

Булак: автордун иштеп чыгуусу

2030- жылга карата оптимисттик божомол менен пессимистик божомолдун айырмасы 10062,9 млн. сомду түзөт (3.1-сүрөт).




**3.2-сүрөт. Кыргыз Республикасынын мөмө-жемиш өсүмдүктөрүнүн түшүмдүүлүгүнүн 2024-2030 жылдарга карата болжолу (бир гектардан центнер менен)**

Булак: автордун иштеп чыгуусу

2025-2030 жылдардагы божомол Кыргыз Республикасынын мөмө - жемиш өсүмдүктөрүнүн түшүмдүүлүгүнүн жыл сайын 2% өсүү темпин көрсөтүп турат (3.2-сүрөт).




**3.3-сүрөт. Кыргыз Республикасынын 2024-2030 жылдарга карата мөмө-жемиш өсүмдүктөрүнүн Мөмө-жемиш өсүмдүктөрүнүн дүң жыйымынын болжолу (тонна менен)**

Булак: автордун иштеп чыгуусу

2030-жылга чейинки мезгилге моделге кирген ар бир фактордун болжолдуу көрсөткүчтөрү 3 сценарий боюнча болжолдонгон натыйжалардын жүрүм-туруму үчүн эң көп жана эң аз мүмкүн болгон сценарийлерди көрсөттү, 3.3-таблицанын маалыматы.

Республика боюнча жана өлкөнүн аймактары боюнча мөмө- жемиш тармагынын келечектеги жүрүм-туруму көбүнчө социалдык-экономикалык көрсөткүчтөрдүн жүрүм-турумунан көз каранды. Ошого жараша биздин божомолдун эң жакшысы да, эң жаманы да аткарылышы мүмкүн.

Сунуш кылынган система өнүгүүнүн натыйжалуулугун жана мөмө-жемиш тармагынын айыл-чарба секторуна жана жалпы эле экономиканын башка секторлоруна тийгизген таасирин баалоого мүмкүндүк берет.




**3.4-сүрөт. Мөмө-жемиш тармактарын жөнгө салуу чараларынын системасы**

Булак: автордун иштеп чыгуусу

Экономиканын жана региондордун өнүгүүсүн жана өз-ара алакасын камсыз кылуу менен бирге мөмө-жемиш тармагы жергиликтүү ресурстардан сапаттуу продукция өндүрүү, бизнести башкаруу, маркетинг жана сатуу мүмкүнчүлүктөрү боюнча өндүрүүчүлөрдүн көндүмдөрүн өнүктүрүү, жергиликтүү жана эл аралык рыноктордо продукцияны жылдыруу, жергиликтүү бренддерди түзүү жана продукцияга кошумча нарк кошуу жана өлкөнүн тамак-аш коопсуздугунун гаранты катары кызмат кылат.

Ушуга байланыштуу, изилдөөнүн жыйынтыгы аталган тармактын натыйжалуу жана адекваттуу иштеши жана өнүгүшү үчүн Кыргыз Республикасында мөмө-жемиш тармагын жөнгө салуу механизмин иштеп чыгууга мүмкүндүк берди.




**3.5-сүрөт. Кыргыз Республикасында мөмө-жемиш тармагын өнүктүрүүнүн экономикалык механизми**
Булак: автордун иштеп чыгуусу

Кыргыз Республикасындагы агроөнөр жай секторунун приоритеттүү багыттарынын бири катары мөмө-жемиш тармагын өнүктүрүү, ошондой эле бул тармакты изилдөөдө илимий-изилдөө маселелерин колдонуу боюнча конкреттүү чараларды белгилөөгө мүмкүндүк берет.

Буга байланыштуу мөмө-жемиш тармагын өнүктүрүү багыттары келечекте бир нече жол менен ишке ашырылышы мүмкүн. Булар мөмө-жемиш азыктарынын экспорттук потенциалын жогорулатуу, ЕАЭБ өлкөлөрү үчүн мөмө-жемиштер рыногунун потенциалын кеңейтүү, Европа Биримдигинин өлкөлөрү үчүн кургатылган жемиштерди экспорттоо жана мамлекеттик деңгээлдеги колдоо зарыл.

Мөмө-жемиштердин кластерин түзүү-бул өндүрүүчүдөн керектөөчүгө продукцияны жылдырууга көмөктөшүүчү товарлардын жана кызмат көрсөтүүлөрдүн агымынын калыптанышындагы мамилелердин системасы.

Кыргыз Республикасында логистикалык борборлорду төмөнкү кыртыштык-климаттык зоналарда түзүү максатка ылайыктуу:
Чүй, Ысык-Көл, Ош, Баткен облустарында, анткени мөмө-жемиш өндүрүшүнүн эң көп үлүшү ушул зоналарда топтолгон.
Райондор аралык деңгээлде логистикалык борборлорду түзүүнү максатка ылайыктуу деп эсептейбиз:
1. Чүй облусунун Аламүдүн районуна;
2. Ысык-Көл облусунун Балыкчы шаарында;
3. Ош облусунун Карасуу районундагы Кара-Суу шаарында;

4. Баткен облусунун Лейлек районундагы Исфана шаарында.

Демек, ар бир аймакта мөмө-жемиштерди өндүрүү потенциалын жана анын жайгашкан жерин эске алуу менен Кыргыз Республикасында мөмө-жемиштерди өндүрүүгө адистешкен айыл чарба кооперативдерин түзүү максатка ылайыктуу. Соода- логистикалык борборлор ири жана орто айыл чарба өндүрүүчүлөрүнө ортомчуларды кыйгап өтүп, мөмө-жемиштерди керектөөчүлөр менен түздөн-түз экономикалык жана өндүрүштүк байланыштарды түзүүгө ыңгайлуу шарттарды түзүп берет.

## КОРУТУНДУ

1. Экономиканын айыл-чарба секторунун мөмө-жемиш тармагы келечекте артыкчылыктуу сектор катары ааламдашуу шартында азык-түлүк коопсуздугун камсыздоодо жана калктын ден-соолугун чыңдоодо алдыңкы орундардын бирин ээлей тургандыгы илимпоздор, тажрыйбалуу адистер тарабынан жеткиликтүү далилденген. Ошол эле учурда дүйнөлүк деңгээлдеги мөмө-жемиш тармагынын потенциалы, учурдагы деңгээли жана келечекте өнүгүүсү боюнча олуттуу айырмаланат. Кыргыз Республикасынын мөмө-жемиш тармагынын өнүгүүсү региондук аспекттин орун алгандыгы менен өзгөчөлөнөт.

2. Мөмө-жемиш тармагы экономиканын айыл- чарба секторунун негизги тармагынын бири катары климаттык шарттар, технологиялар, инвесторлор, кубаттуу ички рынок жана аны өндүрүүнүн өзгөчөлүктөрү менен байланышкан.

Кыргыз Республикасынын мөмө-жемиш тармагын өнүктүрүүнүн негизги тенденциялары болуп төмөнкүлөр саналат:

- айыл чарба уюмдарында көп жылдык көчөттөрдүн жалпы жана мөмөлүү аянтын кыскартуу жана үй чарбаларында - мөмө-жемиш аянттарын кеңейтүү;
- айыл чарба уюмдарында мөмө-жемиш бак дарактарынын үлүшүн көбөйтүү жана шарттарды түзүү;
- акыркы 2-3 жылда ширелерди өндүрүү үчүн вертикалдуу интеграцияланган системаны уюштурууга багытталган үчүнчү тараптын инвесторлорунун мөмө-жемиш тармагына келиши.

3. Аймактарда жаңы мөмө-жемиш азыктарын бөлүштүрүү каналдарынын калыптанышына товар өндүрүүчүлөрдүн категориясы, товардык продукциянын көлөмү, түрү жана сапаты, сатуу баасынын деңгээли, аларды кайра иштетүүчү ишканаларынын жана заманбап мөмө-жемиштерди сактоочу жайлардын болушу сыяктуу факторлор таасир этет.

4. Ата мекендик мөмө-жемиш азыктарынын жана аларды кайра иштетүүнүн атаандаштыкка жөндөмдүүлүгүн жогорулатуу негизинен рыноктун инфраструктурасын өнүктүрүү менен байланышкан. Ушул этапта өлкөнүн региондорунда бул өнүгүүнүн негизги багыттарын аныктоо мезгил талабына шайкеш келет: майда өндүрүүчүлөрдөн товардык продукцияны

чогултуу боюнча жөнгө салынуучу ортомчу структураларды, маркетинг кооперациясын уюштуруу жана керек-жарак кооперациясын жандандыруу; региондор аралык, жана региондук дүң жана чекене базарлардын системасын түзүү; ири шаарларда же облустун борборлорунда бөлүштүрүү борборлорун уюштуруу, өндүрүш жайларында мөмө-жемиштерди сактоо үчүн материалдык-техникалык базаны чыңдоо; товарларды бөлүштүрүүнүн жана интермодальдык ташуулардын бардык этаптарында температуралык коридорду сактоо менен логистикалык чынжырларды түзүү, ошондой эле таңгактоочу материалдарды стандартташтыруу жана жүктөө жана түшүрүү жабдууларын унификациялоо.

5. Өлкөнүн мөмө-жемиш продукциясын өндүрүүнү көбөйтүүнүн жана тармактын өнүгүүсүн камсыздоо, натыйжалуулугун жогорулатуунун негизги жолу болуп инвестициялык долбоорлорду жана комплекстүү (финансылык, кредиттик) долбоорлорду иштеп чыгуунун негизинде үчүнчү тараптын капиталынын катышуусу менен айылдык товар өндүрүүчүлөрдү интеграциялоо саналат. Демек мамлекеттик деңгээлдеги колдоо белгиленген көйгөйлөрдү чечүүдө жана мөмө-жемиштер менен өзүн-өзү камсыз кылуунун деңгээлин жогорулатууда комплекстүү мамиле кылууну талап кылат. Бул биринчи кезекте мамлекеттик инфраструктуралык колдоону колдонулуп жаткан чараларын өркүндөтүүнү жана продукцияны сатуунун механизмдерин иштеп чыгуу зарылдыгын белгилейт.

6. Мөмө-жемиш рыногунда атаандаштыктын күчөшүнүн жогорку ыктымалдуулугу, рынокко кирген продукцияга керектөөчүлөрдүн суроо-талаптарынын өсүшү, ошол эле учурда керектөөчүлөрдүн сапат стандарттарынын ассортименти жана деңгээли жөнүндө маалымдуулугун жогорулатуу өндүрүүчүлөрдөн маркетингдик иш-аракеттерди жүргүзүүнү талап кылат. Кыргыз Республикасынын өнүгүп келе жаткан мөмө-жемиш тармагы инновациялар үчүн кеңири мүмкүнчүлүктөрүн ачат, анткени жалпысынан илимий-техникалык деңгээл жетишерлик бийиктикке жете элек.

Диссертацияда иштелип чыккан сунуштарды колдонуу мөмө-жемиш тармагынын өндүрүшкө технологиялык инновациялардын негизинде ата мекендик ишканалардын өндүрүштүк ишмердүүлүгүнүн натыйжалуулугун жана атаандаштыкка күнүмдүк өндүрүшү боюнча маркетингди колдонууга жана мөмө-жемиш базарларын өнүктүрүүнү жөнгө салуу механизмин өркүндөтүүгө мүмкүндүк алат.

## ПРАКТИКАЛЫК СУНУШТАР

Мөмө-жемиш тармагын өнүктүрүү багыттары боюнча диссертациялык ишти изилдөөнүн жыйынтыгынан төмөнкүдөй практикалык сунуштар келип чыкты:

1. Кыргыз Республикасынын мөмө-жемиш тармагынын экономикалык көйгөйлөрүн илимий жактан негизделген ыкмалар менен үзгүлтүксүз изилдөө жүргүзүү айыл-чарба багытындагы базар мамилелерин калыптандыруунун

муктаждыктарынын келип чыгышына байланыштуу аталган сектордун өнүктүрүүнүн сапаттык жаңы багыты болуп эсептелет. Мөмө-жемиш тармагын өнүктүрүүнүн илимий-теориялык жана методикалык уңгусун ар тараптуу талдоо жана изилдөө өз кезегинде республиканын айыл-чарбасынын өнүгүүсүндөгү анын түпкү маанисин ачууга, көп кырдуулугун, зарылчылыгын ачып көрсөтүүгө мүмкүндүк берет;

2. Региондордун табигый- климаттык өзгөчөлүктөрү боюнча баалоо жүргүзүлүп, жыйынтыгында мөмө-жемиш тармагын өнүктүрүүнүн келечектүү сегменттери аныкталды, ошондой эле келечектүү багыттарын региондор боюнча кластерлик ыкманы кеңири колдонуунун негизинде бышыкталат. Мөмө-жемиш тармагын өнүктүрүү жана мындан ары өркүндөтүүдө учурда республикада айыл-чарба багытындагы льготалык инвестициялык ыңгайлуу шарттар түзүлүп, чет өлкөлөргө экспорттого мамлекет тарабынан тиешелүү мүмкүнчүлүктөр калыптанган.

3. Мөмө-жемиш тармагынын өнүктүрүүнүн дүйнөлүк тенденциясын эске алуу менен иликтөөнүн, ошондой эле Кыргыз Республикасынын айыл-чарба потенциалынын, расмий статистикалык көрсөткүчтөрүнүн негизинде, эконометрикалык методун колдонуу менен, 2030-жылга чейин республиканын мөмө-жемиш тармагын өнүктүрүүнүн болжолун аныктоонун негизинде республиканын аймактарындагы мөмө-жемиш өстүрүү боюнча кластерлер иштелип чыкты. Булар табигый- климаттык өзгөчөлүктөрү, региондун потенциалдык мүмкүнчүлүгү, өнүгүү деңгээли, адистештирилиши сыяктуу башкы көрсөткүчтөрү жагынан бири-биринен кескин түрдө айырмаланып турат.

4. Изилдөөлөрдүн негизинде биз 2030-жылга чейинки мезгилге Кыргыз Республикасынын мөмө-жемиш өсүмдүктөрүнүн дүң продукциясынын 3 сценариц боюнча экономикалык, математикалык болжолун иштеп чыктык.

Биз иштеп чыккан көптүк регрессиялык-корреляциялык анализдин жыйынтыгы көрсөткөндөй, Кыргыз Республикасынын мөмө-жемиш өсүмдүктөрүнүн дүң продукциясынын өсүшүнө таасир этүүчү эң олуттуу факторлор катары калктын жан башына мөмө-жемиштерди керектөөнүн орточо физиологиялык ченемдерине карата орточо керектөө, айыл чарба продукциясынын негизги түрлөрүн сатуу, орточо айлык эмгек акы, туруктуу калктын саны, түшүмдүүлүк аныкталды.

5. Изилдөөнүн жүрүшүндө мөмө-жемиш тармагын өнүктүрүү жана анын натыйжалуулугун жогорулатуу маселелерин чечүүдө кайра иштетүүчү өнөр жай бирикмелери жана багбандар менен байланышкан инфраструктуралык чечимдерди кабыл алууда экономикалык жактан ыңгайлуу жагдайды түзүү максатында Кыргыз Республикасында мөмө-жемиш тармагын өнүктүрүүнүн экономикалык механизми иштелип чыкты.

## ДИССЕРТАЦИЯНЫН ТЕМАСЫ БОЮНЧА ЖАРЫЯЛАНГАН ЭМГЕКТЕРДИН ТИЗМЕСИ

1. Кенжебаев, М. К. Базар экономикасындагы мөмө-жемиш продукцияларын сатуунун ички жана тышкы өзгөчөлүктөрү [Текст]/ М. К. Кенжебаев // М. Рыскулбеков атындагы Кыргыз экономикалык университетинин кабарлары. - 2021. - №4 (53). - С. 31-32. https://www.elibrary.ru/item.asp?id=48468444

2. Кенжебаев, М. К. Кыргыз Республикасындагы жашылча-жемиш тармагынын өзгөчөлүктөрү [Текст]/ М. К. Кенжебаев., Э. Б. Баатырбеков // М. Рыскулбеков атындагы Кыргыз экономикалык университетинин кабарлары. - 2021. - № 2 (51). - С. 35-37. https://www.elibrary.ru/item.asp?id=47420320

3. Кенжебаев, М. К. Кыргыз Республикасындагы мөмө-жемиш тармагын өнүктүрүү көйгөлөрү жана аларды чечүүнүн жолдору [Текст]/ Т. К. Камчыбеков, М. К. Кенжебаев // Известия ВУЗов Кыргызстана. - 2022. - №3. -С. 104-107. https://www.elibrary.ru/item.asp?id=49731595

4. Кенжебаев, М. К. Мировая практика развития плодоовощного подкомплекса агропромышленного комплекса [Текст]/ М. К. Кенжебаев // Наука, новые технологии и инновации Кыргызстана. - 2023.- №6. - С. 175-179. https://www.elibrary.ru/item.asp?id=54898962

5. Кенжебаев, М. К. Кыргызстандагы мөмө-жемиш тармагынын абалы жана өнүгүү артыкчылыктары [Текст]/ М. К. Кенжебаев // Наука, новые технологии и инновации Кыргызстана. - 2023. - №5. - С. 95-99. https://www.elibrary.ru/item.asp?id=59741993

6. Кенжебаев, М. К. Экспортные возможности сухофруктов и грецких орехов Кыргызстана [Текст]/ М. К. Кенжебаев, Т. Ю. Джолдошева // Учетно-аналитические инструменты развития сельских территорий: материалы IV Международной научнопрактической конференции. – Княгинино : НГИЭУ, - 2023. - С.15-16. https://elibrary.ru/item.asp?id=67055548

7. Кенжебаев, М. К. Плодово-ягодная отрасль Кыргызской Республики и ее влияние на развитие сельского хозяйства [Текст]/ Таласбек кызы С., М. К. Кенжебаев // М. Рыскулбеков атындагы Кыргыз экономикалык илимий изилдөө университетинин кабарлары. - 2024. - №1 (62). - С. 89-93. https://elibrary.ru/item.asp?id=65664194

8. Кенжебаев, М. К. Роль кооперативов в плодово-ягодной отрасли Кыргызской Республики Текст]/ М. К. Кенжебаев // Актуальные вопросы современной экономики - 2024. - №5 - С. 241-246. https://elibrary.ru/item.asp?id=68516534

**Кенжебаев Мирлан Курманалиевичтин 08.00.05 – тармактык экономика адистиги боюнча экономика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн «Кыргыз Республикасындагы мөмө-жемиш тармагын өнүктүрүү багыттары» темасындагы диссертациясынын**

**РЕЗЮМЕСИ**


**Негизги сөздөр:**айыл чарба, мөмө-жемиштер, өнүгүү перспективалары, инновациялар, экспорт, түшүмдүүлүк, болжолдоо, потенциал, табигый-климаттык өзгөчөлүктөр, импорт, мөмө-жемиш тармагы, экономикалык-математикалык модель, айдоо аянттары,ресурстар.

**Изилдөөнүн объектиси:** болуп мөмө-жемиш тармагы саналат.

**Изилдөөнүн предмети:** болуп айыл-чарбанын эффективдүүлүгүн жогорулатуунун негизи болгон мөмө-жемиш тармагы менен байланышкан экономикалык жана өндүрүштүк процесстер саналат.

**Изилдөөнүн максаты:** Кыргыз Республикасынын мөмө-жемиш тармагын өнүктүрүү боюнча теориялык жана практикалык сунуштамалардын жана сунуштардын комплексин иштеп чыгуу болуп саналат.

**Изилдөөнүн методдору:** статистикалык, салыштырмалуу, жалпылоо, жана экономика-математикалык моделдөө ыкмалары, сандык, системалык.

**Алынган жаңылыктар:** катары базар мамлелеринин шартында мөмө-жемиш тармагын өнүктүрүүнүн келечектүү багыттарын аныктоо, эконометрикалык болжол боюнча чечүүнү талап кылган олуттуу көйгөйлөрү ар тараптуу изилденип, тиешелүү жыйынтыктар чыгарылды.

**Алынган натыйжалар:** Ишти даярдоонун жүрүшүнөн келип чыккан практикалык натыйжалары, далилдүү сунуштар жана корутундулар мөмө-жемиш тармагын өнүктүрүү саясатын ишке ашыруучу мамлекеттик органдар тарабынан айыл-чарба стратегиясын экономикалык багыттарын аныктоодо, ошондой эле иштелип чыккан эконометрикалык болжолдор кыска мөөнөттүү жана орто мөөнөттүү келечекте мөмө-жемиш тармагын өнүктүрүүнүн стратегияларын жана программаларын иштеп чыгуу үчүн негиз боло алат.

**Колдонуу даражасы:** иштелип чыккан жана негизделген практикалык нуктагы сунуштар республиканын региондорунда мөмө-жемиш тармагын өнүктүрүүнүн келечектүү багыттарын аныктоодо, мамлекеттик программаларды иштеп чыгууда, автор тарабынан даярдалган моделди жана анын уюштуруу-экономикалык механизмин мамлекеттик органдар тарабынан колдонулушу мүмкүн.

**Колдонуу чөйрөсү:** Мөмө-жемиш тармагынын илимий - теориялык, методикалык жактан иштелип чыккан негиздемеси, алынган жыйынтыгы жана практикалык сунуштары Кыргыз Республикасынын министирликтер, ведомстволор тарабынан даярдалуучу Кыргыз Республикасынын концепцияларына, социалдык-экономикалык өнүктүрүүнүн стратегиясына, айыл-чарбанын башкы багыттарын аныктоого маалыматтык база катары колдонулушу мүмкүн.

**РЕЗЮМЕ**

**диссертации Кенжебаева Мирлана Курманалиевича на тему: «Направления развития плодово-ягодной отрасли в Кыргызской Республике» представленной на соискание ученой степени кандидата экономических наук по специальности 08.00.05 – отраслевая экономика**

**Ключевые слова:** сельское хозяйство, земледелие, фрукты, перспективы развития, инновации, экспорт, урожайность, прогноз, потенциал, природно-климатические особенности, импорт, плодоовощная отрасль, экономико-математическая модель, посевные площади, ресурсы.

**Объект исследования:** плодово-ягодная отрасль.

**Предметом исследования**: являются экономические и производственные процессы, связанные с плодово-ягодной отраслью, которые являются основой повышения эффективности сельского хозяйства.

**Цель исследования:** разработать комплекс теоретических и практических предложений и рекомендаций по развитию плодово-ягодной отрасли Кыргызской Республики.

**Методы исследования:** статистические, сравнительные, методы обобщения и экономико-математического моделирования, количественные, систематические.

**Научная новизна:** в условиях конъюнктуры рынка, определения перспективных направлений развития плодоовощной отрасли всесторонне изучены серьезные проблемы, требующие решения согласно эконометрическим прогнозам, и получены соответствующие результаты.

**Полученные результаты:** практические результаты, научно обоснованные рекомендации и выводы, вытекающие из хода подготовки работы, используются для определения экономических направлений сельскохозяйственной стратегии государственными органами, реализующими политику развития плодово-ягодной отрасли, а также разработанные эконометрические прогнозы на краткосрочную и среднесрочную перспективу плодоовощной отрасли могут стать основой для разработки стратегий и программ развития.

**Степень использования**: разработанные и обоснованные практические предложения могут быть использованы государственными органами для определения перспективных направлений развития плодово-ягодной отрасли в регионах республики, при разработке государственных программ, а модель подготовлена автором и его организационно-экономический механизм.

**Область применения:** Научно-теоретическое, методически разработанное обоснование, полученные результаты и практические рекомендации плодово-ягодной отрасли могут быть использованы в качестве информационной базы для разработки концепции Кыргызской Республики, стратегии социально-экономического развития, определения основных направлений развития. направления сельского хозяйства, подготовленные министерствами и ведомствами Кыргызской Республики.

## SUMMARY

**Of dissertation of Kenzhebaeva Mirlan Kurmanalievich on the topic «Development of tourism in the regions of the Kyrgyz Republic» for the degree of candidate of economic sciences in the specialty 08.00.05 - industrial economics**

**Key words:** agriculture, farming, fruits and vegetables, development prospects, innovations, export, yield, forecast, potential, natural-climatic features, import, fruit-fruit industry, economic-mathematical model, cultivated areas, resources.

**Object of research:** fruit and berry industry.

**Subject of the study:** economic and production processes associated with the fruit and berry industry, which are the basis for increasing the efficiency of agriculture.

**Purpose of the study:** to develop a set of theoretical and practical proposals and recommendations for the development of the fruit and berry industry of the Kyrgyz Republic.

**Research methods:** statistical, comparative, methods of generalization and economic-mathematical modeling, quantitative, systematic.

**Scientific novelty**: in conditions of market conditions, determination of promising directions for the development of the fruit and vegetable industry, serious problems that require solutions according to econometric forecasts were comprehensively studied, and corresponding results were obtained.

**The obtained Results:** practical results, scientifically based recommendations and conclusions arising from the preparation of the work are used to determine the economic directions of the agricultural strategy by government bodies implementing the policy for the development of the fruit and berry industry, as well as developed econometric forecasts for the short and medium term of the fruit and vegetable industry can become basis for developing development strategies and programs.

**Degree of use:** The developed and substantiated practical proposals can be used by government agencies to determine promising directions for the development of the fruit and berry industry in the regions of the republic, when the author and its organizational and economic mechanism prepared developing government programs and the model.

**Applications:** Scientific-theoretical, methodologically developed justification, the results obtained and practical recommendations for the fruit and berry industry can be used as an information base for developing the concept of the Kyrgyz Republic, a strategy for socio-economic development, and determining the main directions of development. Directions of agriculture prepared by ministries and departments of the Kyrgyz Republic